КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №22- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 10-ноябрындагы №154 Оргочор айылы

2026-жылдын жергиликтүү бюджетин көбөйтүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары" Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, Кыргыз Республикасынын Бюджет Кодексинин 16-главасынын 78-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 12-октябрындагы №775 тескемесине ылайык, Оргочор жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Оргочор айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 12-октябрындагы №775 тескемеси менен бекитилген жер салыгынын жоготуулары үчүн келип түшкөн 2 412,8 (эки миллион төрт жүз он эки миң сегиз жүз) сомго көбөйтүлсүн.
2. Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин Жети-Өгүз башкармалыгынын 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүн 2 412,8 (эки миллион төрт жүз он эки миң сегиз жүз) сомго көбөйтүп берүү жагы суралсын.
3. Оргочор айыл аймагына кошумча түшкөн 2 412,8 (эки миллион төрт жүз он эки миң сегиз жүз) сом акча каражаты төмөндөгү жумуштарга жумшалсын:

1) Мектеп бала бакчалардын от жагуучу казандарга генератор алууга - 1323,0 (бир миллион үч жүз жыйырма үч миң) сом;
2) Светлая Поляна, Оргочор, Ак-Дөбө айылындагы арабдар менен түшуп жаткан ФАПтардын септиги жана ажатканасына кольцого- 240,0 (эки жүз кырк миң) сом;
3) Социалдык жардамга- 300,0 (үч жүз миң);
4) Турак жай комуналдык (ЖКХ) бөлүмүнүн 2215 статясына – 549,8 (беш жүз кырк тогуз миң сегиз жүз) сом иш кагаздарды жасатууга каралсын.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына , айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

Төрага **А.Тыныбеков**